Кызыгамын сага, кызым, сылык мүнөз
Кызыл гүлүм сен менин
Көчөдөн мен көрсөм кызганамын
Сулуу селким сен менин
Кечээ келсем бийге сен да жүрдүң
Көп кыздарга аралаш
Көп жигитти кызыктырат сенин
Ичке сындуу чып белиң

Делбирим, ай, делбирим, ай, ай, ай
Делбирим, ай, делбирим, ай, ай, ай, ай
Сенсиң менин делбирим, ай, ай, ай
Делбирим, ай, делбирим
Алло, алло бул сенсиңби? Кандай салам!
Ооба, ооба тааныдыңбы? Жүрөм аман!
Качан келдиң а мен болсо күттүм сени
Сагынычым күйүп күчөп санам

Жолугалы гүлүм, жолугалы
Жодурашып жолоочудай кеп куралы
Табигаттын жыпар гүлүн бирге тутуп
Жолугалы гүлүм, жолугалы

Нөшөрлөп ээ-жаа бербей жамгыр төксө
Жамгырдай толгон карек жашын сепсе
Жүрөгүм жашка эзилип келээр бекен?
Жанымдын кыйналганын жаның сезсе

Сезбеди сагынганым сенин жаның
Саргартып кан жүрөктү ажарладың
Күтүүдөн күйүп бүттү күлгүн жаным
Жутпадым сен жыттанган
Жутпадым сен жыттанган
Сүйүү балын

Ананайын, ананайын,
Аттадың бир ак үйдүн босогосун
Өткөндү эстеп көңүлүң бошобосун
Кайда жүрсөң бактылуу болоруңду
Мен каалаймын, мен каалаймын

Кеттиң кайда, кеттиң кайда?
Күттүрбөстөн тезирээк келчи кайра
Мен өбөйүн бетиңден кайра-кайра
Кайда жүрсөң бактылуу болоруңду

Мен кааладым, мен кааладым

Көңүл сүйгөн нур кызым
Мен көксөгөн жылдызым
Сүйүп калдым кантейин
Таэжемдин тун кызын.
Бөлө, бөлө, бөлөм деп
Бөлөм үчүн мен өлөм деп
Күтүп жүрөм өзүңдү
Не болсо да көрөм деп
Эй бөлө, бөлө, бөлөм деп
Сен үчүн мен өлөм деп
Күтүп жүрөм өзүңдү
Не болсо да көрөм деп
Ай кызым ай, ай кызым
Ай кызым менин
Жүрө бергин көңүлдө
Жүрөгүмдө бийлей бергин

Оо Туулган жер
Нурданат элесиң
Демге күч бересиң
Дилге нур себесиң, элесиң

Кубанычтар дайра болуп агылып
Келин келет ак шөкүлө жамынып
Куттукташып жубайлардын үлпөтүн
Той башталды алакандар чабылып

Бийлейли, бийлейли, жаш селки, турба!
Бийлейли, бийлейли, кошто жигит ырда
Бактылуу болгула, ишке ашып оюңар
Кут болсун, кут болсун үйлөнүү тоюңар